**«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын корутундусу**

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын корутундусу (мындан ары – Корутунду), Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 72-беренесине ылайык даярдалды.

Бул долбоорго карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасын корутундусу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 28-июнундагы №47 «2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолу жөнүндө» токтомунда белгиленген негизги багыттарды ишке ашыруу зарылдыгын эске алып даярдалган.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин «Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдары» 3-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделген, Бюджеттик кодекстен жана ага ылайык кабыл алынган бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актылардан, бюджеттик укуктук мамилелерди жөнгө салган башка ченемдик укуктук актылардан турат.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети жөнүндө мыйзам бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыларга кирет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине карама-каршылыктар болсо, бюджеттик укуктук мамилелерди жөнгө салууда Бюджеттик кодекстин ченемдерине артыкчылык берилет.

Бюджеттик кодекстин «Кыргыз Республикасынын бюджеттик системасынын түзүмү» 9-беренесине ылайык Социалдык фонддун бюджети Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумуна киргизилген.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин «Социалдык фонддун бюджети» 11-беренесине ылайык Социалдык фонддун бюджети - мамлекеттик социалдык жана пенсиялык камсыз кылуу чөйрөсүндөгү милдеттерди каржылык камсыз кылуу жана мамлекеттик саясатты ишке ашыруу үчүн багытталган акча каражаттарынын фонду жана жыл сайын Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен бекитилет.

**80-берене. Бюджеттерди түзүүнүн жалпы жоболору**

1. Республикалык бюджеттин долбоору Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн болжолунун, Жогорку Кеңештин Бюджеттик резолюциясынын жана Фискалдык саясаттын негизги багыттарынын негизинде жана ушул Кодекстин талаптарына ылайык түзүлөт.

2. Орто мөөнөттүк мезгилге Фискалдык саясаттын негизги багыттары, аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүүү программалары, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун бюджеттеринин долбоорлору төмөнкүдөй талаптарга ылайык жүзөгө ашырылат:

а) мамлекеттик (муниципалдык) каржылык жана каржылык эмес активдер менен милдеттенмелерди майнаптуу башкаруу;

б) туруктуу фискалдык саясатты жүргүзүү;

в) фискалдык тобокелдиктерди баалоо.

**94-берене. Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин долбоорун түзүүнүн тартиби**

1. Кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонгон мезгилге Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин долбоору Өкмөт бекиткен тартипке жана мөөнөттөргө ылайык кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонго мезгилге республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнүн календардык планын эске алуу менен ушул Кодекстин талаптарына ылайык түзүлөт.

2. Кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонгон мезгилге Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин долбоорлору Өкмөткө кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 15-сентябрынан кечиктирилбестен берилет.

3. Социалдык фонддун жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин долбоорлору Өкмөт тарабынан каралат жана кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонгон мезгилге республикалык бюджеттин долбоору менен бир убакта Жогорку Кеңешке кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 1-октябрынан кечиктирилбестен берилет.

2021-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджети «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021 -жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен киреше боюнча 62 496 443,5 миң сом жана чыгашалар боюнча 62 495 888,8 миң сом суммасында бекитилген жана 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин профицити 554,7 миң сом суммасындагы белгиленген.

Ушул эле Мыйзамда Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин 2022-2023-жылдарга болжолу № 1 тиркемеге ылайык жактырылган.

2021-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондун каржылоо № 3 тиркемеге ылайык белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондун республикалык бюджеттен каржылоо 2021-жылга пенсиялык каражаттарды төлөө чыгымдарын эсепке алып 24 094 175,6 миң сом суммасында белгиленген.

2021-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун каржылоо 2 742 079,3 миң сом суммасында белгиленген.

2021-жылга Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондун каржылоо 345 158,9 миң сом суммасында белгиленген.

2021-жылга Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонддун бюджети № 4 тиркемеге ылайык бекитилген.

**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу**

Тиркеме №1

(млн. сом)

| Аталышы | 2020 жыл (анык) | 2021 жыл (бектилген бюджет) | 2021 жыл (такталган бюджет) | 2022 жыл (божомол) | 2023 жыл (божомол) |
|---|---|---|---|---|---|
| **Бардык кирешелер** | **56 056,1** | **62 496,4** | **62 611,6** | **68 511,1** | **71 991,6** |
| *ИДПга карата % менен* | 9,4 | 9,8 | 9,7 | 9,6 | 9,3 |
| анын ичинде: | | | | | |
| Пенсиялык фонд | 51 561,7 | 57 331,2 | 57 338,5 | 62 812,2 | 65 967,8 |
| Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду | 1 814,2 | 2 078,0 | 2 091,8 | 2 259,8 | 2 389,5 |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | 2 381,9 | 2 742,1 | 2 823,8 | 3 058,6 | 3 232,0 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 298,3 | 345,2 | 357,6 | 380,5 | 402,2 |
| **Бардык чыгашалар** | **56 635,9** | **62 495,9** | **62 012,7** | **67 144,5** | **71 334,1** |
| *ИДПга карата % менен* | 9,5 | 9,8 | 9,6 | 9,4 | 9,2 |
| анын ичинде: | | | | | |
| Пенсиялык фонд | 52 261,9 | 57 330,7 | 56 618,7 | 61 445,7 | 65 310,4 |
| Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду | 1 814,2 | 2 078,0 | 2 091,8 | 2 259,8 | 2 389,5 |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | 2 361,5 | 2 742,1 | 2 844,3 | 3 058,6 | 3 232,0 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 198,3 | 345,2 | 457,9 | 380,5 | 402,2 |
| **Дефицит/профицит** | **-579,9** | **0,6** | **598,9** | **1 366,5** | **657,4** |
| **Дефицитти жабуу булактары** | **579,9** | | | | |
| КРСФ эсептериндеги калдыктар | 579,9 | | | | |
| **ИДП** | **598 344,5** | **635 040,7** | **643 629,4** | **713 744,7** | **772 622,3** |

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин жогоруда аталган беренесинин 2-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлиги тарабынан «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору бекитилди, министрликтер жана ведомстволор менен макулдашылып, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 94-беренесине ылайык 2021-ж. 15-сентябрындагы чыг. №01-1/3-10634 каты менен Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына

жиберилген, 2021-жылдын 1-октябрындагы чыг. №30-14575 каты менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизилген.

Бул катка тиркелет:

- Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Мыйзамына тиркемелери;
- Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна маалымкат-негиздеме;
- Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна түшүндүрмө кат;
- салыштыруу таблица;
- сын-пикирлердин жана сунуштардын жыйынды таблицасы;
- макулдашуу баракчаларынын көчүрмөлөрү.

Кароого сунушталган «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жаңы долбоорунда бюджеттин киреше бөлүгүн мурда бекитилген 62 496 443,5 миң сомдун ордуна 62 611 634,9 миң сом суммасында же 115191,4 миң сомго көбөйтүп бекитүү сунушталууда анын ичинен:

- Пенсиялык фонд боюнча 57 331 219,0 миң сомдун ордуна 57 338 484,9 миң сом суммасында же 7265,9 миң сомго көбөйтүп;
- Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд боюнча 2077986,3 миң сомдун ордуна 2 091 764,3 миң сом суммасында же 13 778,0 миң сомго көбөйтүп;
- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду боюнча 2 742 079,3 миң сомдун ордуна 2 823 802,3 миң сом суммасында же 81 723,0 миң сомго көбөйтүп;
- Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду боюнча 345 158,9 миң сомдун ордуна 357 583,4 миң сом суммасында же 12 424,5 миң сомго көбөйтүп;

Мыйзамда мурда белгиленген Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджетинин 554,7 миң сом суммасында профицитинин өлчөмүн кароого сунушталган жаңы Мыйзам долбоорунда 598917,3 миң сом цифралары менен алмаштыруу сунушталган, бул 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин профицитинин өсүшү боюнча тийиштүү эсептөөлөр менен ырасталат.

## Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолунун экономикалык классификация боюнча кирешелери

Тиркеме №2

(млн. сом)

| | Аталышы | 2020 год (анык) | 2021 жыл (бектилген бюджет) | 2021 жыл (такталган бюджет) | 2022 жыл (божомол) | 2023 жыл (божомол) |
|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | **Кирешелер** | 56 056,1 | 62 496,4 | 62 611,6 | 68 511,1 | 71 991,6 |
| **12** | **Социалдык камсыздоого жана социалдык муктаждыкка төгүмдөр/чегерүүлөр** | 33 186,2 | 38 186,1 | 38 579,0 | 41 693,6 | 44 063,4 |
| **1211** | **Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрү** | 33 177,4 | 38 181,6 | 38 564,9 | 41 689,1 | 44 058,9 |
| 12111110 | Пенсиялык фондго, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү | 30 490,5 | 35 131,5 | 35 501,4 | 38 426,7 | 40 633,2 |
| 12111120 | Полистер боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү (Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунан тышкары) | 654,8 | 687,0 | 686,6 | 720,9 | 757,0 |
| 12111130 | Юридикалык жак болуп түзүлбөгөн дыйкан (фермердик) чарбалардын камсыздандыруу төгүмдөрү | 218,0 | 285,1 | 285,1 | 281,7 | 279,3 |
| 12111210 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү | 1 811,0 | 2 073,6 | 2 087,4 | 2 255,2 | 2 384,7 |
| 12111220 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна полистер боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү | 3,2 | 4,3 | 4,3 | 4,6 | 4,8 |
| **1221** | **Социалдык фонддун башка кирешелери** | 8,8 | 4,5 | 14,1 | 4,5 | 4,5 |
| 12211100 | Пенсияларды төлөө үчүн капиталдаштырылган суммалар | 1,2 | 0,5 | 10,1 | 0,5 | 0,5 |
| 12211200 | Регресстик талаптарды коюунун натыйжасында иш берүүчүлөрдөн жана жарандардан өндүрүлүүчү каражаттар | 5,7 | 3,0 | 3,0 | 3,0 | 3,0 |
| 12211900 | Социалдык фонддун башка кирешелери | 1,9 | 1,0 | 1,0 | 1,0 | 1,0 |
| **13** | **Алынган расмий трансферттер** | 22 536,7 | 24 094,2 | 23 770,9 | 26 675,6 | 27 786,2 |
| **1333** | **Республикалык бюджеттен мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктери менен алынган каражаттар** | 22 536,7 | 24 094,2 | 23 770,9 | 26 675,6 | 27 786,2 |
| **14** | **Салыктык эмес кирешелер** | 333,2 | 216,2 | 261,7 | 141,9 | 141,9 |
| **1411** | **Пайыздар** | 162,2 | 165,2 | 162,5 | 71,9 | 71,9 |
| 14111300 | Социалдык фонддун убактылуу бош акча каражаттарын МБКга, КРУБ ноталарына, кыска мөөнөттүү депозиттерге жайгаштыруу боюнча эсептелген пайыздар | 103,2 | 103,2 | 96,5 | 71,9 | 71,9 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 14111400 | Коммерциялык банктардын эсептериндеги Социалдык фонддун акча каражаттарынын калдыгына эсептелген пайыздар | 59,0 | 62,0 | 66,0 | 0,0 | 0,0 |
| **1412** | **Дивиденддер жана пайда** | 127,8 | 3,0 | 51,3 | 20,0 | 20,0 |
| 14121200 | Социалдык фондго таандык болгон ишканалардын акциялары боюнча дивиденддер | 127,8 | 3,0 | 51,3 | 20,0 | 20,0 |
| **1432** | **Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча айыптар жана туумдар** | 43,2 | 48,0 | 48,0 | 50,0 | 50,0 |
| 14321100 | Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрүн кечиктирип жана толук эмес которгондугу үчүн эсептелген туумдар жана айыптар | 43,2 | 48,0 | 48,0 | 50,0 | 50,0 |

## Бюджеттин кирешесин болжолдоонун негиздүүлүгүн талдоо

Ошондой эле кароого сунушталган «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жаңы долбоорунда бюджеттин чыгаша бөлүгүн мурда бекитилген 62 495 888,8 миң сомдун ордуна 62 012 717,6 миң сом суммасында же 483 171,2 миң сомго азайтып бекитүү сунушталууда, анын ичинен:

- Пенсиялык фонд боюнча 57 330 664,3 миң сомдун ордуна 56 618 741,0 миң сом суммасында же 711 923,3 миң сомго азайтып;
- Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд боюнча 2077986,3 миң сомдун ордуна 2 091 764,3 миң сом суммасында же 13 778,0 миң сомго көбөйтүп;
- Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду боюнча 2 742 079,3 миң сомдун ордуна 2 844 312,2 миң сом суммасында же 102 232,9 миң сомго көбөйтүп;
- Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду боюнча 345 158,9 миң сомдун ордуна 457 900,1 миң сом суммасында же 112 741,2 миң сомго көбөйтүп;

Пенсияларды төлөө үчүн акча каражатына муктаждык (компенсацияларды жана кошумча акылары эске алганда) пенсия алуучулардын санынын динамикасынын, отчеттук маалыматтар боюнча пенсиянын орточо өлчөмүнүн (94-СОЦ формасы), пенсия чыгуу курагынын, табигый кетүүсүнүн (каза болгондугуна, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруктуу жашоого көчүү) негизинде эсептелет. Эсептөө үчүн болжолдонгон жылдагы пенсионерлердин саны жана пенсиянын орточо өлчөмү (пландалган жогорулатууну эске алып) алынат. Аскер

кызматкерлерине пенсия «Аскер кызматкерлерин пенсиялык камсыздоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык күч министрликтери жана ведомстволору берген керектөөлөргө ылайык төлөнөт.

2021-жылга бекитилгенге салыштырмалуу пенсиялык фонддун чыгымдары 711 923,3 миң сомго азайды. Азаюу күч министрликтери жана ведомстволору тарабынан берилген аскер кызматчыларынын пенсиялык керектөөлөрүнүн 297 829,6 миң сомго азайышы менен шартталган. Ошондой эле, пенсия төлөөгө чыгымдар 591 536,3 миң сомго азайган, бул төмөнкүлөр менен шартталган:

- 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча пенсиянын орточо өлчөмү 5 894 сомду түздү, бул 2021-жылга бекитилген бюджетте пландалган көрсөткүчтөн 163 сомго аз;

- 2020-жылдын жыйынтыгы жана 2021-жылдын 1-жарымынын алдын ала жыйынтыктары боюнча 94-СОЦ статистикалык отчетуна ылайык, пенсиянын орточо өлчөмү 3000 сомдон ашпайт жаңы дайындалган пенсионерлердин саны көбөйдү, алар үчүн, бул пенсиялык төлөмдөргө болгон муктаждыктын төмөндөшү. Ошол эле учурда пенсиядагы пенсионерлердин саны көбөйдү, алардын орточо пенсиясы 3000 сомдон алда канча жогору болчу.

Ошондой эле төмөнкүлөргө чыгымдар көбөйдү:

- аскер кызматкерлерин жеке камсыздандырууга 90 440,5 миң сомго (камсыздандыруу учурларынын көбөйүшүнө байланыштуу);

- сөөк коюуга жөлөкпул 82 770,0 миң сомго (2020-жылы каза болгондордун көптүгүнө байланыштуу).

Ушуга байланыштуу 2021-жылга Пенсиялык фонддун чыгымдары 56 618 741,0 миң сом суммасында такталган, бекитилген цифраларга салыштырмалуу 711 923,2 миң сом өлчөмүндө үнөмдөп.

2021-жылга Социалдык фонддун такталган бюджети кирешелер боюнча 62 611,6 млн сом суммасында (ИДПга карата 9,7%) же бекитилген бюджеттен 115,2 млн сомго көп түзүлдү. 2020-жылга карата өсүш 6555,5 млн сомду же 111,7%ды түзөт.

Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүнүн көлөмү эмгек акынын өсүшүнө жараша эмгек акынын болжолдонгон фондуна төлөөчүлөрдүн категориялары боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн белгиленген чендеринен улам эсептелди.

«Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында 2021-жылга камсыздандыруу төгүмдөрү 38 181,6 млн. сом суммасында бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 28-июнундагы №47 токтому менен бекитилген 2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолунун макроэкономикалык көрсөткүчтөрүнө ылайык 2021-жылга ИДП

анык өсүшү 103,2% жана өткөн жылга КБИ 110,6% деңгээлинде болжолдонууда.

Ушуга байланыштуу 2021-жылы такталган камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү 38 564,9 млн. сом суммасында же бекитилген бюджеттен 383,3 млн. сомго көп пландалууда. Көбөйтүү маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин кызматкерлерине, ошондой эле саламаттык сактоо системасынын кызматкерлерине 2021-жылдын 1-июлунан тартып эмгек акынын жогорулашына байланыштуу.

Камсыздандыруу фонддору боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү Пенсиялык фонд боюнча 274,0 млн. сомго, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду боюнча 83,0 млн. сомго, Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду боюнча 12,6 млн. сомго, Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонд боюнча 13,8 млн. сомго көбөйүүдө.

(млн. сом)

| Фонддор | 2020-жыл анык | 2021-жыл бекитил-ген | 2021-жыл тактал-ган | 2021-ж. бекит. карата өсүш | | 2020-ж. карата өсүш | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | в % | +/- | в % |
| Пенсиалык фонд | 28642,2 | 32969,3 | 33243,3 | 274,0 | 100,8 | 4601,1 | 116,1 |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | 2418,2 | 2783,8 | 2866,8 | 83,0 | 103,0 | 448,6 | 118,6 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 302,8 | 350,4 | 363,0 | 12,6 | 103,6 | 60,2 | 119,9 |
| Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду | 1814,2 | 2078,0 | 2091,8 | 13,8 | 100,7 | 277,6 | 115,3 |
| **Бардыгы** | **33177,4** | **38181,6** | **38564,9** | **383,3** | **101,0** | **5387,5** | **116,2** |

Төлөөчүлөрдүн категориялары боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү төмөндөгү таблицада берилген:

(млн. сом)

| | 2020-жыл анык | 2021-жыл бекитил-ген | 2021-жыл тактал-ган | үлүш % | 2021-ж. бекит. карата өсүш | | 2020-ж. карата өсүш | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | +/- | в % | +/- | в % |
| Өнөр жай ишканалары жана уюмдары | 17902,2 | 20551,0 | 19234,4 | 49,9 | -1316,5 | 93,6 | 1332,3 | 107,4 |
| Бюджеттик уюмдар | 14083,7 | 16269,9 | 17972,0 | 46,6 | 1702,1 | 110,5 | 3888,3 | 127,6 |
| Айыл чарба кооперативдери | 17,4 | 18,4 | 17,4 | 0,0 | -1,0 | 94,5 | 0,0 | 100,0 |
| Дыйкан-фермердик чарбалар | 218,1 | 285,1 | 285,1 | 0,7 | 0,0 | 100,0 | 67,0 | 130,7 |
| Жеке ишкерлер | 940,0 | 1039,8 | 1039,8 | 2,7 | 0,0 | 100,0 | 99,8 | 110,6 |
| Жеңилдик берилген уюмдар | 16,1 | 17,4 | 16,2 | 0,0 | -1,2 | 92,9 | 0,1 | 100,4 |
| **Бардыгы** | **33177,4** | **38181,6** | **38564,9** | **100,0** | **383,3** | **101,0** | **5387,5** | **116,2** |

Өнөр жай ишканалары жана уюмдары боюнча, айыл чарба кооперативдери жана жеңилдик берилген уюмдар боюнча 2021-жылга камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсүнүн такталганы бекитилген бюджеттен 1 318,8 млн. сомго аз түзүлгөн, камсыздандыруу төгүмдөрү 2020-жылга карата анык маалыматтардын негизинде эсептелди, бул COVID-19

пандемиясына байланыштуу экономикалык иштин төмөндөшүнө байланыштуу.

Калган субъекттер боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү бекитилген бюджеттин деңгээлинде такталды.

2021-жылга такталган бюджеттин долбоорунда башка кирешелердин түшүшү 275,8 млн. сом суммасында же бекитилген бюджеттен 55,1 млн. сомго көбүрөөк такталды.

(млн. сом)

| Башка кирешелер | 2020-ж. анык | 2021-ж. беки-тилген | 2021-ж. такталган | 2021-ж. бекит. карата өсүш | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % |
| **Бардыгы, анын ичинде:** | **342,0** | **220,7** | **275,8** | **55,1** | **125,0** |
| ишканалардын акциялары боюнча дивиденддер | 127,8 | 3,0 | 51,3 | 48,3 | 1710,0 |
| убактылуу бош акча каражаттарын МБК жайгаштыруудан түшкөн кирешелер | 103,2 | 103,2 | 96,5 | -6,7 | 93,5 |
| камсыздандыруу төгүмдөрүн кечиктирип жана толук эмес төлөгөндүгү үчүн эсептелген туумдар жана айыптар | 43,2 | 48,0 | 48,0 | 0,0 | 100,0 |
| эсептердеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздар | 59,0 | 62,0 | 66,0 | 4,0 | 106,5 |
| пенсияларды төлөө үчүн капиталдаштырылган суммалар | 1,2 | 0,5 | 10,1 | 9,6 | 2020,0 |
| регресстик талаптарды коюунун натыйжасында иш берүүчүлөрдөн жана жарандардан өндүрүлүүчү каражаттар | 5,7 | 3,0 | 3,0 | 0,0 | 100,0 |
| Социалдык фонддун башка кирешелери | 1,9 | 1,0 | 1,0 | 0,0 | 100,0 |

Башка кирешелердин түшүшүнүн көбөйүшү ишканалардын акциялары боюнча дивиденддерден 48,3 млн. сомго, акча каражаттарынын калдыгына эсептелген туумдар 4,0 млн. сомго, пенсияга төлөнүүчү капитализациялаштырылган сумма 9,6 млн. сомго пландалууда.

**Алынган расмий трансферттер**

Колдонуудагы мыйзамдарга ылайык республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен төмөнкү төлөмдөр каржыланат: пенсиянын базалык бөлүгү, электр энергиясы үчүн компенсациялар, аскер кызматчыларынын пенсиялары, аскер кызматчыларына бир жолку төлөнүүчү жөлөкпулдар, көп балалуу энелерге жана бала кезинен майып балдардын энелерине, бийик тоолуу шарттарда, алыскы жана барууга кыйын райондордо жашаган жана иштеген адамдарга пенсиялар, пенсияларга кошумча акылар (Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларына жана майыптарына, 80 жашка толгон пенсионерлерге, ардактуу донорлорго, концлагерлердин туткундарына, саясий жүйөөлөр боюнча куугунтукка алынгандарга, блокада мезгилинде Ленинград шаарында иштегендерге, баатыр энелерге, Чернобыль АЭСиндеги авариялардын кесепеттерин жоюуга катышуучуларга, Кыргыз Республикасына өзгөчө эмгек сиңиргендерге).

2021-жылга республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар 24 094,2 млн. сом суммасында бекитилген. 2021-жылдын 1-январына карата

Социалдык фонддун Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар боюнча карызы 230,3 миллион сомду түздү.

(млн. сом)

| | 2020-жыл | 2021-ж. 1-январына карата калдык | 2021-жыл | | 2021-ж. бекит. карата өсүш | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **анык төлөм** | | **бекитилген** | **такталган** | +/- | % |
| Пенсиянын базалык бөлүгү | 13245,7 | -1,6 | 14235,4 | 14486,1 | 250,7 | 101,8 |
| Электр энергиясы үчүн компенсация | 1916,4 | -43,2 | 1954,3 | 1938,7 | -15,6 | 99,2 |
| Аскер кызматчыларынын пенсиялары | 3223,1 | 81,0 | 3844,3 | 3546,4 | -297,9 | 95,3 |
| Аскер кызматчыларына бир жолку төлөнүүчү жөлөкпул | 37,9 | 6,7 | 37,0 | 127,4 | 90,4 | 344,4 |
| Пенсиялар жана пенсияларга кошумча акылар | 3687,3 | 187,4 | 4023,3 | 3727,6 | -295,7 | 92,7 |
| Социалдык фондго карызды жоюу | | | | 174,9 | | |
| Финансы министрлигине карызды жоюу | | | | -230,3 | | |
| **Бардыгы** | **22110,4** | **-230,3** | **24094,2** | **23770,9** | **-323,3** | **98,7** |

Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар боюнча такталган керектөөлөр 23 770,9 млн. сомду түздү же бекитилген бюджеттен 323,3 млн. сомго аз. Бул аскер кызматчыларынын пенсияга керектөөлөрүнүн азайышы жана жеңилдетилген пенсия жана пенсияга үстөк акы алуучулардын айрым категориясынын азайышы менен шартталган.

Ошондой эле, 2021-жылы республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын түшүшүнө Ош жана Жалал-Абад облустарындагы тополоң учурунда жабыркаган жеке жана юридикалык жактардан 2010-жылдын 1-июнунан 2012-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилге чегерилген камсыздандыруу төгүмдөрүн Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна ордун толтуруу үчүн 174,9 млн. сом суммасында акча каражаттары боюнча КР Финансы министрлигинин карызы дагы кирет, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы № 359 буйругуна ылайык Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 2020-жылы которулушу керек эле. Бирок 2020-жылда республикалык бюджеттин дефицити чоң болгондуктан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан бул акча каражаты каржыланган эмес.

Мындан тышкары, 2021-жылдын 11-майындагы Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги тарабынан 2020-жылы Социалдык фондго республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын колдонулушу жөнүндө салыштыруу актысына ылайык 2021-жылы республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын түшүшү 230,3 млн. сомго азайган.

**Социалдык фонддун бюджетинин долбоорун чыгымдар бөлүгүнүн талдоо**

Социалдык фонддун 2021-жылга бюджетинин чыгымдары 62 012,7 млн. сом (ИДПга карата %) суммасында такталган, бул бекитилген бюджеттен 483,2 млн. сомго аз.

(млн. сом)

| Фондор | 2020-жыл анык | 2021-жыл бекитил-ген | 2021-жыл тактал-ган | 2021-ж. бекит. карата өсүш | | 2020-ж. карата өсүш | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **Бардыгы** | **56 635,9** | **62 495,9** | **62 012,7** | - 483,2 | 99,2 | 5 376,8 | 109,5 |
| Пенсиялык фонду | 52 261,9 | 57 330,7 | 56 618,7 | - 712,0 | 98,8 | 4 356,8 | 108,3 |
| Мамлекеттик топтолмо пенсиялык фонду | 1 814,2 | 2 078,0 | 2 091,8 | 13,8 | 100,7 | 277,6 | 115,3 |
| Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду | 2 361,5 | 2 742,1 | 2 844,3 | 102,2 | 103,7 | 482,8 | 120,4 |
| Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду | 198,3 | 345,2 | 457,9 | 112,7 | 132,6 | 259,6 | 230,9 |

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунун 3-тиркемесине ылайык 2021-жылга Социалдык фонддун бюджетинин чыгымдары экономикалык классификациялоо боюнча төмөндөгү таблицада берилген:

**Социалдык фонддун 2021-жылга бюджетинин экономикалык классификация боюнча чыгашалары**

Тиркеме №3

(мин. сом)

| | Аталышы | 2020-жыл (анык) | 2021-жыл (бекитилген бюджет) | 2021-жыл (такталган бюджет) | +/- (такт..-бек.) |
|---|---|---|---|---|---|
| 2 | **Чыгашалар** | **56 635,9** | **62 495,9** | **62 012,7** | ***-483,2*** |
| | ***Жалпы операциялык чыгашалар*** | **56 608,3** | **62 448,9** | **61 965,7** | ***-483,2*** |
| 2111 | Эмгек акы | 603,9 | 638,7 | 638,7 | *0,0* |
| 2121 | Социалдык фондго төгүмдөр | 98,1 | 110,2 | 110,2 | *0,0* |
| 2211 | Кызматтык сапарларга чыгашалар | 6,3 | 20,0 | 20,0 | *0,0* |
| 2212 | Байланыш кызматтары | 8,5 | 11,5 | 11,5 | *0,0* |
| 2213 | Ижара акысы | 3,7 | 3,9 | 3,9 | *0,0* |
| 2214 | Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | 9,9 | 11,6 | 11,6 | *0,0* |
| 2215 | Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 25,1 | 39,0 | 39,0 | *0,0* |
| 2221 | Мүлктү учурдагы оңдоого чыгашалар | 1,7 | 5,1 | 5,1 | *0,0* |
| 2222 | Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | 14,1 | 18,0 | 18,0 | *0,0* |
| 2224 | Көмүрдү жана отундун башка түрлөрүн сатып алуу | 1,9 | 2,0 | 2,0 | *0,0* |
| 2225 | Күзөт кызматтарын сатып алуу | 2,4 | 4,7 | 4,7 | *0,0* |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 2226 | Банктардын кызматтарын төлөөгө чыгашалар | 11,0 | 16,0 | 11,3 | *-4,7* |
| 2227 | Пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөгө чыгашалар | 339,0 | 364,6 | 379,4 | *14,7* |
| 2231 | Коммуналдык кызматтар | 8,3 | 9,2 | 9,2 | *0,0* |
| 2621 | Эл аралык уюмдарга учурдагы төгүмдөр | 4,6 | 5,1 | 3,2 | *-1,8* |
| 2631 | **Мамлекеттик башкаруу секторунун башка бирдиктерине учурдагы гранттар** | 4 374,0 | 5 165,2 | 5 394,0 | *228,8* |
| 26315100 | Социалдык фонддун бюджетинен Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна берилүүчү каражаттар | 2 361,5 | 2 742,1 | 2 844,3 | *102,2* |
| 26315200 | Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондунун каражаттарын бөлүштүрүү боюнча ыйгарым укукуктуу органга берилүүчү каражаттар | 198,3 | 345,2 | 457,9 | *112,7* |
| 26315300 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна берилүүчү каражаттар | 1 814,2 | 2 078,0 | 2 091,8 | *13,8* |
| 2711 | Социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпул | 51 039,9 | 55 970,2 | 55 254,0 | *-716,2* |
| 2824 | Резервдик фонддор | 1,4 | 6,0 | 2,0 | *-4,0* |
| 2828 | Социалдык фонддун өнүктүрүү фонду | 54,5 | 48,0 | 48,0 | *0,0* |
| | **Жалпы финансылык эмес активдер** | **27,6** | **47,0** | **47,0** | ***0,0*** |
| 3111 | Имараттар жана курулмалар | 19,2 | 25,0 | 25,0 | *0,0* |
| 3112 | Машиналар жана жабдуулар | 8,4 | 22,0 | 22,0 | *0,0* |

Электр энергиясына компенсацияны эске алып, аскер кызматчыларына пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөөгө такталган чыгымдар 55 254,0 млн. сомду түзөт же бекитилген бюджеттен 716,2 млн. сомго аз.

2021-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиялардын базалык жана касыздандыруу бөлүктөрү көбөйгөн. Пенсияларды көбөйтүү үчүн Социалдык фонддун бюджетинде 990,0 млн. сом каралган.

Пенсионердин сөөгүн коюуга жөлөкпулдун өлчөмү пенсиянын базалык бөлүгүнүн он эселенген өлчөмүндө белгиленген. Сөөк коюуга жөлөкпулдарды төлөп берүүгө 2021-жылы 456,6 млн. сом суммасында каражат каралган.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 2021-жылы 2 844,3 млн. сом жумшоо пландалууда. Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фонду 457,9 млн. сомго каржыланат. Мында 2021-жылга такталган чыгымдарга 2020-жыл үчүн Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 20,5 млн. сом суммасында жана Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна 100,3 млн. сом суммасында камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздарды жоюу боюнча чыгымдар кошулган.

Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшү 2021-жылга 2 091,8 млн. сом суммасында пландалууда. 2021-жылы инвестициялык киреше 2 956,4 млн. сом суммасында болжолдонууда.

Социалдык фонддун 2021-жылга бюджетинин профицити 598,9 млн. сом суммасында күтүлүүдө.

**Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу**

Тиркеме №4.

(мин. сом)

| | Аталышы | 2020-жыл (анык) | 2021-жыл (бекитилген) | 2021-жыл (такталган) | 2022-жыл (божомол) | 2023-жыл (божомол) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жыл башына пенсиялык топтомо каражаттар | 20 707,4 | 24 462,8 | 24 656,3 | 29 208,0 | 33 432,7 |
| **1** | **Кирешелер** | **4 205,5** | **4 820,8** | **5 048,2** | **5 560,7** | **6 086,5** |
| **1211** | **Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрү** | **1 814,2** | **2 078,0** | **2 091,8** | **2 259,8** | **2 389,5** |
| 12111210 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү | 1 811,0 | 2 073,6 | 2 087,4 | 2 255,2 | 2 384,7 |
| 12111220 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна полистер боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү | 3,2 | 4,3 | 4,3 | 4,6 | 4,8 |
| **1223** | **Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун башка кирешелери** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** |
| 12231100 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун башка кирешелери | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **1411** | **Пайыздар** | **2 391,3** | **2 742,8** | **2 956,4** | **3 300,9** | **3 697,0** |
| 14111400 | Коммерциялык банктардын эсептериндеги Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун акча каражаттарынын калдыгына эсептелген пайыздар | 11,4 | 9,0 | 6,5 | 7,0 | 8,0 |
| 14111500 | Пенсиялык топтомо каражаттарын депозитке, мамлекеттик баалуу кагаздарга, кыргыз эмитенттеринин облигацияларына жана ипотекалык баалуу кагаздарга жайгаштыруу боюнча эсептелген пайыздар | 2 379,8 | 2 733,8 | 2 949,9 | 3 293,9 | 3 689,0 |
| **1451** | **Башка салыктык эмес кирешелер** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** |
| 14512100 | Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондуна башкаруучу компаниялардан пенсиялык топтомо каражаттарынын түшүшү | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| **2** | **Чыгашалар** | **256,7** | **1 518,6** | **496,5** | **1 335,9** | **1 987,3** |
| | **Жалпы операциялык чыгашалар** | **256,7** | **1 518,6** | **496,5** | **1 335,9** | **1 987,3** |
| 2111 | Эмгек акы | 6,9 | 8,4 | 6,5 | 6,3 | 7,2 |
| 2121 | Социалдык фондго төгүмдөр | 1,0 | 1,5 | 1,0 | 1,0 | 1,1 |
| 2211 | Кызматтык сапарларга чыгашалар | 0,0 | 0,7 | 0,7 | 0,7 | 0,8 |
| 2212 | Байланыш кызматтары | 0,3 | 0,7 | 0,5 | 0,7 | 0,7 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2213 | Ижара акысы | 0,3 | 0,8 | 0,8 | 0,8 | 0,8 |
| 2214 | Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | 0,2 | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 0,3 |
| 2215 | Башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 0,1 | 1,5 | 0,5 | 1,0 | 1,5 |
| 2221 | Мүлктү учурдагы оңдоого чыгашалар | 0,0 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 |
| 2222 | Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 0,3 | 0,3 |
| 2225 | Күзөт кызматтарын сатып алуу | 0,0 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 |
| 2226 | Банктардын кызматтарын төлөөгө чыгашалар | 0,6 | 1,2 | 0,9 | 1,3 | 1,5 |
| 2227 | Пенсияларды жана жөлөкпулдарды төлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөгө чыгашалар | 0,6 | 1,6 | 1,0 | 1,5 | 1,5 |
| 2231 | Коммуналдык кызматтар | 0,0 | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 |
| 2711 | Социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпул | 223,0 | 400,0 | 400,0 | 500,0 | 500,0 |
| 2821 | Башка классификацияланбаган чыгашалар | 12,1 | 30,0 | 30,0 | 30,0 | 30,0 |
| 2825 | Пенсиялык топтомо каражаттарын өткөрүп берүү | 11,3 | 1 063,7 | 53,5 | 786,7 | 1 432,9 |
| 2826 | Пенсиялык топтомо каражаттарын инвестициялоо боюнча чыгашалар | 0,0 | 7,7 | 0,4 | 5,1 | 8,4 |
| | **Жалпы финансылык эмес активдер** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** |
| 3112 | Машиналар жана жабдуулар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| | **Жыл аягына пенсиялык топтомо каражаттары** | **24 656,3** | **27 765,0** | **29 208,0** | **33 432,7** | **37 532,0** |

**Корутунду жана Сунуштар:**

1. Сунушталган «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору негизинен Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексине туура келет.

2. Сунушталган «Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2021-жылга бюджети жана 2022-2023-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору 2022-2024-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолунун көрсөткүчтөрүнүн негизинде түзүлгөн.

3. Келе жаткан жылга КР СФ бюджетинин реалдуу долбоорун түзүү үчүн КР СФ Башкармасынын 2016-жылдын 23-декабрындагы № 96 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетин

түзүү жана аткаруу боюнча жобону Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык келтирип жеткире иштеп чыгуу керек.

4. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бош каражаттарынын калдыктарын түзүүнү жана пайдаланууну, бюджеттин профицитин, КР СФ бюджетинин дефицитин жабуу булактарын аныктоону регламенттеген ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу.

5. 2021-жылдын аягына чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №359 буйругуна ылайык Ош жана Жалал-Абад облустарындагы тополоң учурунда жабыркаган жеке жана юридикалык жактардан 2021-жылдын 1-июнунан 2012-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилге чегерилген камсыздандыруу төгүмдөрүн Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна ордун толтуруу үчүн 174,9 млн. сом суммасында акча каражаттары боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги акча каражаттардын түшүшүн камсыздасын.

6. 2021-жылдын 8-апрелиндеги салыштырма актысына ылайык Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна 20,5 млн. сом суммасында камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздарды жоюуга акча каражат каржылансын.

7. 2021-жылдын 8-апрелиндеги салыштырма актысына ылайык камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздарды жоюуга Эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо фондуна 100,3 млн. сом суммасында акча каражат жумшалсын.

**Аудитор** **М.К. Арзыбаев**